Кара көз

Мен эми башкамын, мен артыма кайтпаймын,
Ааламда, жалганда бир сени унутуш үчүн.
Жүрөктө так калды, көңүлүмдү ойлободуң сен,
Жүдөп чарчадым.
Сени эстеп сагынгам, кайрадан кайгыргам,
Жүрөктү эзбегин, мен эми башкамын.
Күн өтөт арадан, күтүүдөн тажагам,
Жүрөктү эзбегин эми.
Кайырмасы:
Кара көз, мени аябадың,
Жүрөктү жаралап койгон ырахатың сага.
Жалганда өзүңсүз калсам да,
Ыраазымын тагдырга.
Мен эми кайгырбайм өткөн күндөрдү эстеп,
Сүйүүгө кабылган тагдырга таарынбайм.
Адашкан ак сүйүүм, азгырба мени, азгырба.
Сени эстеп сагынгам, кайрадан кайгыргам,
Жүрөктү эзбегин, мен эми башкамын.
Күн өтөт арадан, күтүүдөн тажагам,
Жүрөктү эзбегин эми.
Кайырмасы:
Кара көз, мени аябадың,
Жүрөктү жаралап койгон ырахатың сага.
Жалганда өзүңсүз калсам да,
Ыраазымын тагдырга.